 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

УДК 373

***Кособаева Б.М., Амантурова Э.Б., Султанбек кызы Чынара***
*Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин алдындагы Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН ЖАҢЫЛООДО БААЛУУЛУКТАРДЫН ОРДУ

***Кособаева Б.М. Амантурова Э.Б., Султанбек кызы Чынара,***
*Республиканский институт повышения квалификации и переподготовки педагогических работников при Министерстве просвещения Кыргызской Республики*

# РОЛЬ ЦЕННОСТЕЙ В ОБНОВЛЕНИИ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

***Kosobaeva B.M., Amanturova E.B., Sultanbek kyzy Chynara,***
*Republican Institute for Advanced Training and Retraining of Teachers under the Ministry of Education of the Kyrgyz Republic*

# THE PLASE OF VALUES INIMPROVING THE EDUCATION SYSTEM IN THE KYRGYZ REPUBLIK

**Аннотация:** Макалада заманбап тенденцияларга ылайык Кыргыз Республикасында билим берүүнүн мазмунун өзгөртүү жана жаңылоо маселелеринде баалуулуктардын орду каралат. Билим берүү коомдун өнүгүү деңгээлин жана руханий абалын чагылдырган маанилүү социалдык институт катары мүнөздөлөт. Аны улуттун негизги жетишкендиги жана баалуулугу катары сактоо, өркүндөтүү жана жаңылоо улуттук руханий маданияттын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Ушуга байланыштуу өсүп келе жаткан муундарга улуттук маданиятты, элдик каада-салттарды, адеп-ахлактык жана эстетикалык баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырып жеткирүү, билим берүүнүн мазмунун жаңылоо жана заманбап талаптарга ылайыкташтыруу, ошондой эле жетишилген ийгиликтерди сактоо жана чыгармачылык менен өнүктүрүү негизги максат катары белгиленет. Макалада коюлган максаттар аркылуу Кыргыз Республикасынын «Алтын казык» билим берүү программасынын улуттук моделин ишке ашырууга салым кошуу маселеси каралат.
***Түйүндүү сөздөр:*** *билим берүү, билим берүүнүн улуттук модели, «Алтын казык» программасы, улуттук баалуулуктар, жалпы адамзаттык баалуулуктар, компетенттүүлүк мамиле, глобалдык компетенциялар, функционалдык сабаттуулук.*
**Аннотация.** В данной научной статье рассматривается место ценностей в теоретических и практических вопросах изменения и обновления содержания образования в Кыргызской Республике в соответствии с современными тенденциями развития общества. Образование традиционно рассматривается как зеркало общества, отражающее уровень его культурного, духовного и социального развития. Сохранение образования как важнейшего достижения и ценности нации, а также его обновление и совершенствование способствуют развитию духовной культуры народа. В этой связи особое значение приобретает формирование у подрастающего поколения способности сочетать национальную культуру, традиции, нравственные и эстетические ценности с общечеловеческими ценностями. Важными задачами являются обновление содержания образования в соответствии с современными требованиями, сохранение достигнутых результатов и их дальнейшее творческое развитие. Реализация данных задач рассматривается как вклад в осуществление Национальной модели образования Кыргызской Республики «Алтын казык».
***Ключевые слова:*** *образование, Национальная модель образования, программа «Алтын казык», национальные ценности, общечеловеческие ценности, компетентностный подход, глобальные компетенции, функциональная грамотность.*
**Abstract:** This scientific article shows the place of values in the general theoretical and practical issues of changing and updating the content of education in the Kyrgyz Republik in accordance with new trends. It said that education is a mirror of the society in which humanity lives. Its preservation and renewal as an achievement and value of the nation to the contributes to the development of the spiritual culture of the nation. Therefore the main goal was to implement the combination culture traditions and faith and aesthetis valueswith universal human values for thegrowing generations to update the current content of education to bring it into line with modern reguirements to preserve the achievements achieved and to develop it creatively. By achieving the set goal it considered to contribute to the implementation of the National Model of the Golden Anchor educational Program of the the Kyrgyz Republik.
***Keywords:*** *Education, national model of education, “Golden Anchor” program, national value, universal human values, competency approach, global competencies, functional literacy.*

*Киришүү.* Мамлекетибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон бери билим берүүнүн мазмунун жаңылоонун теориялык негиздерин жана окутуу процессинин бардык компоненттерин өркүндөтүүнүн методологиясын изилдөө үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет. Окутуунун максаттарын жана милдеттерин, мазмунун жана көлөмүн, методдорун жана каражаттарын, уюштуруу формаларын, билим берүүнүн натыйжаларын баалоо системасын, ошондой эле ар кандай типтеги

билим берүү мекемелеринин иштөө шарттарын кайра карап чыгуу бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготкон жок.

1995-жылы Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоо боюнча концепциялар жыйнагынын кириш сөзүндө ошол кездеги Кыргыз билим берүү институтунун директорунун илимий иштер боюнча орун басары, педагогика илимдеринин доктору, профессор Э.М. Мамбетакунов төмөнкүдөй пикирин билдирген: *«Билим берүү — адамзат жашаган коомдун күзгүсү. Аны улуттун жетишкендиги жана баалуулугу катары сактоо жана жаңылоо улуттун жалпы руханий маданиятынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт»* [1]. Окумуштуу предметтик концепциялардын жаңы жана келечектүү жоболору катары төмөнкү багыттарды белгилеген. Биринчиден, өсүп келе жаткан муундарды улуттук маданият, элдик каада-салттар, адеп-ахлактык жана эстетикалык баалуулуктар менен тааныштыруу, ошол эле учурда бул баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырып ишке ашыруу зарыл. Экинчиден, концепцияларды иштеп чыгууда билим берүүнүн учурдагы мазмунун түп-тамырынан өзгөртүү же толугу менен четке кагуу эмес, аны жаңылоо жана мезгилдин талабына ылайыкташтыруу негизги позиция катары каралган. Анткени советтик доордо калыптанган кыргыз билим берүү системасынын теориялык жана практикалык жетишкендиктерин толугу менен жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Бул багыттагы жетишилген ийгиликтерди сактап калуу жана аларды чыгармачылык менен өнүктүрүү аркылуу гана жаңы сапаттык деңгээлге чыгууга болот» [1].

Э.М. Мамбетакуновдун бул идеялары жана аларды ишке ашыруудагы маанилүү принциптер тууралуу 2025-жылы өткөрүлгөн «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик: уңгу жолу – таалим-тарбияда» аттуу илимий-практикалык симпозиумда да кеңири сөз болгон. Аталган иш-чарада «Билим берүүнүн мазмунун өзгөртүү шартында компетенттүүлүктөргө, көндүмдөргө жана функционалдык сабаттуулукка даярдоо көйгөйлөрү» аттуу баяндамада бул маселелер өзгөчө белгиленген [2].

Жогоруда аталган симпозиумда Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун директору, педагогика илимдеринин кандидаты А.Д. Токтомаметов өзүнүн «Мугалим жана баалуулуктар же заманбап мугалим кандай болушу керек?» аттуу баяндамасында мугалимдин ишмердүүлүгү менен баалуулуктар системасынын өз ара байланышынын маанисине өзгөчө көңүл бурган. Ал заманбап мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн, инсандык сапаттарын, моралдык жана руханий баалуулуктарга болгон мамилесин билим берүүнүн сапатын жана тарбиялык иштин натыйжалуулугун аныктоочу негизги факторлордун бири катары караган.

Ошондой эле ал баалуулуктарды туура түшүнүүнүн, аларды бири-бирине карама-каршы койбостон, коомдун өнүгүү контекстинде алардын артыкчылыктарын туура аныктай билүүнүн зарылдыгын белгилеген. Мындан тышкары, билим берүү тармагында баалуулуктар маселесин колдоо жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик деңгээлде жүргүзүлүп жаткан иштер, кабыл алынган ченемдик-укуктук актылар жана стратегиялык программалар талдоого алынгандыгы белгиленген [3].

Дагы да бул маселелер актуалдуулугун жоготпой, кеңири талкуулана бермекчи. Анткени билим берүүнүн оптималдуу системасын түзүү, укуктук жана демократиялык коомдун талаптарына жооп берген инсанды тарбиялоо жалпы адамзаттык баалуулуктар менен улуттук өзгөчөлүктөрдүн айкалышында гана ишке ашырылышы мүмкүн.

Бул көйгөйлөрдү изилдөөдө жетектөөчү методологиялык багыт катары баалуулуктардын негизинде билим берүүнүн мазмунун жаңылоо аркылуу билим берүүнүн оптималдуу системасын түзүү каралат. Мындай система болочок кесип ээлерине алган билимдерин турмушта кездешкен ар түрдүү кырдаалдарда колдонууга жана туура чечим кабыл алууга үйрөтүүгө багытталат. Бул милдет билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын – мугалимдердин жана окуучулардын, окутуучулардын жана студенттердин, жетекчилердин жана билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин бирдиктүү иш-аракетин талап кылат.

Бул макалада билим берүү мазмунун жаңылоонун жаңы тенденциялары: «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик – уңгу жолу» концепциясы, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктар, компетенттүүлүккө негизделген мамиле, гендердик сезимтал педагогика, 12 жылдык билим берүү концепциясы жана Сингапурдун 5E методикасы аркылуу талдоого алынат. Аталган багыттардын негизинде окуучулардын, студенттердин, болочок мугалимдердин жана угуучулардын билим

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

алууга болгон кызыгуусун арттыруу, өз алдынча билим алуусун өнүктүрүү, компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу жана жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүү көндүмдөрүнө жетишүүсү көздөлөт.

Ошондой эле заманбап мектепте иштей турган болочок мугалимдерди даярдоодо жана алардын квалификациясын жогорулатууда функционалдык сабаттуулукту, кесиптик сапаттарды жана жөндөмдүүлүктөрдү баалуулуктар аркылуу калыптандырууга багытталган система талдоого алынат.

Биздин изилдөөнүн методологиясына анализдин объектиси, изилдөөнүн максаты, милдеттери, аларды чечүүдөгү изилдөө методдору, каражаттары жана милдеттерди ишке ашыруунун этаптары мүнөздөмө берилди [4].

**Анализдин объектиси:** заманбап талаптарга ылайык билим берүүнүн бардык баскычтарында жаңы тенденциялардын негизинде билим берүүнүн мазмунун өзгөртүү аркылуу мектеп окуучуларын, орто атайын жана жогорку окуу жайлардын студенттерин, ошондой эле келечектеги мугалимдерди жана билимин жогорулатуу курстарынын угуучуларын улуттук баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырууга үйрөтүү процесси. Бул процесс алардын жогорку интеллектисин, руханий маданиятын, атуулдук сапаттарын, компетенттүүлүктөрүн, көндүмдөрүн жана функционалдык сабаттуулугун калыптандырууга багытталган.

**Изилдөөнүн максаты:** өсүп келе жаткан муундарга улуттук маданиятты, элдик каада-салтты, ыймандык жана эстетикалык баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырууну ишке ашыруу; билим берүүнүн учурдагы мазмунун жаңылоо жана аны заманбап талаптарга шайкеш келтирүү; жетишилген ийгиликтерди сактоо жана чыгармачылык менен өнүктүрүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. билим берүүнү заманбап тенденциялардын негизинде жаңылоо боюнча мамлекеттик нормативдик документтерди жана чет өлкөлүк тажрыйбаларды изилдөө;
2. улуттук баалуулуктарды, каада-салттарды жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруунун билим берүү мазмунундагы орду боюнча илимий адабияттарды талдоо, анын ичиндеги жетишкендиктерди жана көйгөйлөрдү аныктоо;
3. улуттук баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырууну ишке ашыруу, билим берүүнүн мазмунун жаңылоо жана аны заманбап талаптарга шайкеш келтирүү боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөө методдору:** жалпы теориялык методдордон — анализ, синтез, салыштыруу, жалпылоо жана конкреттештирүү; социологиялык методдордон — анкета жүргүзүү жана интервью алуу; эмпирикалык методдордон — байкоо жүргүзүү жана аңгеме өткөрүү колдонулду.

**Изилдөө каражаттары катары:** нормативдик документтер, илимий эмгектер, китептер, методикалык колдонмолор, илимий-практикалык симпозиумдардын жана конференциялардын материалдары, ошондой эле чет өлкөлүк тажрыйбалар пайдаланылды.

Жаңы тенденцияларга байланыштуу мектепте окутулуучу предметтердин, анын ичинде табигый илимдердин мазмунун жана окутуу процессин натыйжалуу уюштурууну жаңылоо максатында 2017-жылы предметтик стандарттар иштелип чыккан. Табигый илимдер боюнча предметтик стандартка ылайык мазмунду жаңылоо анын илимий деңгээли менен гана чектелбестен, алган билимди практикада колдонууга да өзгөчө басым жасайт. Ушуга байланыштуу табигый илимдерди окутуунун максаты төмөнкүдөй аныкталат:

• Окуучулар жана студенттер табигый илимдер боюнча жалпы теориялардын жана мыйзам ченемдүүлүктөрдүн негизинде табияттагы жана техногендик чөйрөдөгү заттардын түзүлүшүн, касиеттерин жана алардын өзгөрүшүн изилдөө жана түшүндүрүү ыкмаларын өздөштүрүшөт. Ошондой эле жашоонун ар түрдүү тармактарында технологияларды жана продуктуларды сарамжалдуу (рационалдуу) жана коопсуз пайдалануу көндүмдөрүнө ээ болушат.

**Максатка ылайык милдеттер аныкталат. Табигый илимдерди окутуунун милдеттери:**

• **Когнитивдик:** окуучулар жана студенттер жандуу жана жансыз системалардагы заттардын түзүлүшүн жана алардын айлануу мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүшөт. Заттардын касиеттерин жана алардын эл чарбасында колдонулушун үйрөнүү аркылуу аларды таанып-билүү компетенттүүлүгүн калыптандырышат. Айрым заттарды алуу технологиясынын жана аларды

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

пайдалануунун адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө тийгизген зыяндуу таасирин баалоого жана тобокелдиктерге баа берүүгө жөндөмдүү болушат.

• **Жүрүм-турумдук:** окуучулар жана студенттер практикалык ишмердүүлүктө жаратылыш заттарын жана технологиялык продуктуларды рационалдуу жана коопсуз пайдалануу көндүмдөрүнө ээ болушат. Алган билимдерин ар түрдүү эксперименттерди жүргүзүүдө адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизбестен колдонууга үйрөнүшөт.

• **Баалуулуктук:** окуучулар жана студенттер туруктуу өнүгүү принциптерин, жашоонун коопсуздугун, технологияларды колдонуунун терс натыйжаларын алдын алуу зарылдыгын жана тобокелдиктерди түшүнүшөт. Ошондой эле дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүнө байланыштуу алган билимдерин башка табигый илимдерди үйрөнүүдө интеграциялап колдоно алышат. Натыйжада табигый-илимий жана экологиялык маданият менен сабаттуулукка ээ болушат.

Табигый илимдерди окутууда коюлган жогорудагы максаттын жана ага байланыштуу милдеттердин мазмунунда баалуулук компоненттери даана байкалат. Предметтик стандарттар мектеп окуучулары үчүн иштелип чыкканы менен, анын мазмуну болочок мугалимдерди даярдоочу орто жана жогорку педагогикалык окуу жайларына да түздөн-түз тиешелүү.

Тилекке каршы, практика көрсөткөндөй, болочок мугалимдер — бүгүнкү студенттер — мектепке тиешелүү нормативдик документтер боюнча жетиштүү маалыматка ээ эмес. Ал эми союз ыдыраган мезгилде иштелип чыккан «Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепциясы» менен тааныш эмес окутуучулар да бар. Бул жагдай «бүгүнкү студенттерге дидактиканын принциптерин, анын ичинде тарыхый принципти кантип окутуп жатабыз?» деген суроону жаратат.

Эң маанилүү баалуулуктардын бири — Кыргызстандын калкынын ден соолугун сактоо жана ага кам көрүү. Бул маселеге Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров өзгөчө көңүл бурууда. Акыркы жылдары өлкөдө спорттук инфраструктура активдүү өнүгүп, спортчулар жогорку жетишкендиктерге жетишүүдө. Алар үчүн машыгуу шарттары жакшыртылып, стимулдаштыруу механизмдери ишке ашырылууда. Ошондой эле калктын бардык катмарларынын ден соолугун чыңдоо максатында спорт аянтчалары, стадиондор, тренажёр залдары жана клубдар курулуп, ишке берилүүдө.

«Кыргыз Республикасынын ар түрдүү типтеги окуу жайларында ден соолукту сактоо менен билим берүүнүн теориялары жана технологиялары» аттуу баяндама 2025-жылдын 14-ноябрында Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдыгына жана квант теориясынын ачылышынын 100 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда окулган [5].

Б.Т. Турусбеков атындагы дене тарбия жана спорт академиясында, анын ичинде фундаменталдык жана табигый-илимий дисциплиналар кафедрасында болочок дене тарбия мугалимдерин, машыктыруучуларды жана аскердик даярдык боюнча адистерди даярдоодо бир катар алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө. Ошол эле учурда академиянын окуу процессинде бир катар татаал фундаменталдык жана табигый-илимий дисциплиналар бар. Аларды өздөштүрүү айрым студенттер үчүн кыйынчылыктарды жаратууда. Себеби бул дисциплиналарды өздөштүрүүнүн негизи болгон мектептик билимдеринде айрым кемчиликтер байкалат. Мисалы, академиянын 2-курсунда окутулуучу биохимия дисциплинасы медицина менен тыгыз байланышта болуп, өтө татаал предметтердин бири болуп эсептелет. Ошондуктан көпчүлүк студенттерде мектепте биология жана химия сабактарынан алган билимдерине, өзгөчө логикалык ой жүгүртүүсүнө таянууда кыйынчылыктар жаралууда. Демек, мектеп менен жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ортосундагы байланышты дагы да өркүндөтүү зарыл.

Баалуулуктардын дагы бири — гендердик сезимтал педагогиканын негизинде кыздарды табигый илимдерге тартуу болуп саналат. Бул STEM предметтерин окутууну жакшыртууга да багытталат [6].

ЮНИСЕФтин «Кыздар илимде» долбоору окуучу кыздарга багытталган STEM тармагын (Science, Technology, Engineering, Mathematics — илим, технология, инженерия жана математика) өнүктүрүүгө арналган. Бул долбоордун алкагында 21-кылымда талап кылынган компетенцияларга өзгөчө басым жасалат. Кыздар кесипке багыттоо жана коучинг программаларынан өтүп, маалыматтык технологиялар, транспорт, курулуш сыяктуу тармактарда мамлекеттик жана жеке мекемелерде иштөөгө мүмкүнчүлүк алышат. Насаатчылардын колдоосу менен алар атаандаштыкка

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

жөндөмдүү адистер катары калыптанып, стипендия алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат жана өздөрү тандаган кесиби боюнча окууларын уланта алышат.

Табигый илимдерди окутууну жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасында ЮНИСЕФ менен Америка университетинин алдындагы Инновациялык колледжинин ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде ишке ашырылып жаткан «Кыздар илимде» долбооруна өзгөчө көңүл бурулууда. Бул долбоордун алкагында кыздарды табигый илимдерди окуп-үйрөнүүгө тартууга басым жасалган.

Методикалык колдонмодо XXI кылымдын негизги көндүмдөрү берилген. Аларга окуу сабаттуулугу, математикалык сабаттуулук, табигый-илимий сабаттуулук жана глобалдык компетенциялар боюнча материалдар киргизилген. Аталган долбоордун ишмердүүлүгүнүн натыйжасында STEM предметтерин жана дисциплиналарын окутууну жакшыртууга багытталган программа иштелип чыккан. Бул программа мектеп мугалимдеринин, ошондой эле атайын орто жана жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатууда колдонулуп келет.

Аталган долбоор аркылуу өлкөбүздө кыздарга жана аялдарга болгон мамиле улуттук баалуулуктардын ажырагыс бөлүгү катары каралат.

Эстетикалык тарбия берүү чыгармачыл инсанды калыптандыруунун маанилүү факторлорунун бири болуп саналат. Ошондуктан билим берүүнү демократиялаштыруу, гуманизациялоо жана гуманитаризациялоо шарттарында өсүп келе жаткан муунга эстетикалык тарбия берүү маселеси өзгөчө актуалдуу болуп саналат [7].

Бүткүл адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга негизделген укуктук, демократиялык коомдун талаптарына жооп берген эстетикалык тарбия берүүнүн оптималдуу системасын түзүү зарыл. Билим берүүнүн учурдагы шартында эстетикалык тарбия төмөнкү негизги милдеттерди аткарууга тийиш:

- эстетикалык билим берүү — инсандын эстетикалык маданиятынын теориялык жана баалуулук негиздерин калыптандыруу;
- көркөм-чыгармачылык билим берүү — бирдиктүү көркөм маданиятты, чыгармачыл ишмердүүлүктү, баалуулук багыттуулукту жана инсандын эстетикалык табитин калыптандыруу;
- эстетикалык жана көркөм өнөр жаатында өз алдынча билим алууну өнүктүрүү, инсанды тарбиялоо жана өркүндөтүү;
- искусство жаатында инсандын чыгармачылык жөндөмүн жана мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү, чындыкка эстетикалык мамилени калыптандыруу;
- инсандын коомдук жашоодо жана адамдар аралык мамилелерде эстетикалык жана адеп-ахлактык жүрүм-турумун калыптандыруу.

Табигый илимдерди окутууда да баалуулуктук компоненттер камтылган:

- **экологиялаштыруу идеясы** — предметтин мазмунун экологиялык көйгөйлөр менен гана чектебестен, илимдин негизги милдети жаратылышты сактоо жана көбөйтүү экендигин түшүндүрүү, адамды жаратылыш ресурстарын жоопкерчиликсиз пайдалануудан сактоо;
- **экономдоштуруу идеясы** — илимий жетишкендиктерди практикалык колдонууда алардын экономикалык натыйжалуулугун эске алуу жана илимий чечимдерди экономикалык жактан баалоо;
- **гумандаштыруу идеясы** — окуучуларга табигый илимдердин адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруудагы ролун ачып көрсөтүү.

Бул багыттардын бардыгы окуучунун инсандык сапаттарын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Билим берүүнүн мазмунун калыптандыруу теориясына таянып, илимдин, методологиянын жана табият таануунун өнүгүү этаптарында коюлган милдеттер теориялык системалар аркылуу чечилет. Ал эми алынган жыйынтыктарды жана сунуштарды ишке ашырууда системалык-структуралык мамиле колдонулат [8, 9].

Билим берүүнүн жаңыланган мазмуну коомдун экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн маанилүү фактору болуп эсептелет. Ал инсандын коомдо өз ордун табуусун камсыздайт, өз ойлорун ишке ашырууга шарт түзөт, коомду өнүктүрүүгө жана укуктук мамлекетти бекемдөөгө багытталат [10].

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5


Ушуга байланыштуу жаңыланган билим берүүнүн мазмуну дүйнөлүк деңгээлге шайкеш келген жалпы жана кесиптик маданиятты, окуучулардын заманбап талаптарга ылайык билимдерин, ошондой эле дүйнөнүн учурдагы илимий сүрөттөлүшү боюнча терең жана системалуу түшүнүктөрдү калыптандыруу милдетин коёт. Ошондой эле ар бир инсанды улуттук жана дүйнөлүк маданиятка интеграциялоо, заманбап коомго ылайыкташкан жана аны өнүктүрүүгө багытталган жаранды тарбиялоо, коомдун кадрдык потенциалын кайра өндүрүү жана өнүктүрүү максаттарын көздөйт.

Натыйжада**,** билим берүүнүн мазмунун жаңылоо процессинде улуттук баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштыруу боюнча көптөгөн материалдар жана тажрыйбалар топтолду. Алар мектеп мугалимдери, педагогикалык изилдөөчүлөр, атайын орто жана жогорку окуу жайларынын окутуучулары, студенттер, магистранттар жана аспиранттар тарабынан кеңири колдонулушу мүмкүн.

*Корутунду:* изилдөөнүн максаты жана милдеттери ишке ашырылган шартта өсүп келе жаткан муунга улуттук маданиятты, элдик каада-салтты, руханий жана эстетикалык баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырып калыптандыруу мүмкүн болот. Бул билим берүүнүн мазмунун заманбап талаптарга ылайык жаңылоого, жетишилген ийгиликтерди сактоого жана аны чыгармачылык менен андан ары өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

***Адабияттар:***


1. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепциялары / Кыргыз билим берүү жана илим министрлиги. Кыргыз билим берүү институту. – Бишкек, 1995. – 225-б.
2. Кособаева Б.М. Билим берүүнүн мазмунун өзгөртүү шартында компетенттүүлүктөргө, көндүмдөргө жана функционалдык сабаттуулукка даярдоо көйгөйлөрү / Б.М. Кособаева // “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик уңгу жолу – таалим тарбияда” илимий-практикалык симпозиумдун материалдарынан. – Эл агартуу. – Б., 2025. – №5-6. – Атайын чыгарылыш. – С. 122-128
3. Токтомаметов А.Д. Мугалим жана баалуулуктар же заманбап мугалим кандай болушу керек / А.Д. Токтомаметов // “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик уңгу жолу – таалим тарбияда” илимий-практикалык симпозиумдун материалдарынан. – Бишкек, 2025. – №5-6. – Атайын чыгарылыш. – С. 231-235
4. Методология педагогики и методы педагогических исследований. В учебнике Педагогика. / Под ред. д.п.н., проф. Л.П. Крившенко. – М, “Проспект” 2010. – С.49-64.
5. Кособаева Б. Кыргыз Республикасынын ар түрдүү типтеги окуу жайларында ден соолукту сактоо менен билим берүүнүн теориялары жана технологиялары / Б.Кособаева // 2025-жылдын 14-ноябрында Ж.Баласагын атындагы КУУнун 100 жылдыгына жана квант теориясынын ачылганынын 100 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык кнференциянын материалдары (авторлоштор: Сатаев А. Б., Молдалиева Г.Н., Каныметова К. А.).
6. Нишарапова Ж.Т. Методические рекомендации по улучшению преподавания STEM предметов в школах с внедрением гендерно-чувствительной педагогики и критического мышления в рамках проекта ЮНИСЕФ «Девочки в науке” / Ж.Т. Нишарапова, Г.Л. Горборукова, М.А. Самакбаева. – Бишкек, 2022. – 65с.
7. Эстетическое воспитание / В концепции обновления предметного образования в школах Кыргызской Республики. – Бишкек, 1995. – С. 199-213.
8. Чернобельская Г.М. Методика обучения химии в средней школе / Г.М. Чернобельская. – М.: Владос, 2000. – 335 с.
9. Зайцев О.С. Методика обучения химии / О.С. Зайцев – М.: Владос, – 1999. – 29 с.
10. Крившенко Л.П. Содержание образования. В кн. Педагогика / Л.П. Крившенко, М.В. Вайндорф, С.Е. Сысоева. – М.: Проспект. – 2010. – 261-274 с.